**УДК 821.512.156.**
**DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-385-391**

**ЮСУПОВА А. М., КЕНЖЕКУЛОВА А. А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ЮСУПОВА А. М., КЕНЖЕКУЛОВА А. А.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**YUSUPOVA A. M., KENZHEKULOVA A. A.**
KNU J. Balasagyn
ORCID: 0009-0004-3678-7180

# КЕНЖЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНА КАЛЛИГРАФИЯНЫ ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ КЭЭ БИР МЕТОДДОРУ

## НЕКОТОРЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ КАЛЛИГРАФИИ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ

## SOME METHODS OF TEACHING CALLIGRAPHY TO YOUNGER SCHOOLCHILDREN

**Аннотация:** Макала кенже мектеп окуучуларынын каллиграфиялык жөндөмүн арттыруу маселесине арналды. Каллиграфиянын чоң искусство экендиги, бардык каллиграфиялык билгичтиктер, көндүмдөр практикалык иш аракетте гана калыптанаары, ал окутуу жана көнүгүү методдору аркылуу ишке ашаары белгиленди. Каллиграфия бир гана сулуу жазуудан гана турбайт, ал баланын ар тараптуу көндүмдөрүн калыптандырат. Жазуу аркылуу баланын фантазиясы жана чыгармачылык ой жүгүртүүсү артат жана кагазга өзүнүн билгенин түшүрө алат. Кенже мектеп балдары үчүн жазуу иштери жаңылык катары киргендигине байланыштуу алар тамгаларды үйрөнүп жатып, тыкандыкка, байкагычтыкка, аткаруучулукка, кунт коюуга калыптанаары жыйынтыкталды.

**Аннотация:** Статья посвящена проблеме совершенствования навыков каллиграфии младших школьников. Отмечено, что каллиграфия – большое искусство, все каллиграфические навыки и умения формируются только путем практической работы, а реализуются методами обучения и упражнений. Каллиграфия — это не только красивый почерк, она формирует разные навыки младшего школьника. Благодаря письму, у ребенка развивается воображение и творческое мышление, и на письме он сможет изложить то, что знает. Тренируясь в каллиграфии, у ученика при изучении букв развиваются аккуратность, наблюдательность, работоспособность, внимательность.

**Abstract**: The article is devoted to the problem of improving the calligraphy skills of younger students. It is noted that calligraphy is a great art, all calligraphic skills and abilities are formed only through practical work, and are implemented by teaching methods and exercises. Calligraphy is not only a beautiful handwriting, it forms different skills of a primary school student. Through writing, the child will develop imagination and creative thinking, and he will be able to put what he knows on paper. Due to the fact that the letter is the initial information for younger students, it is concluded that when studying letters, they develop accuracy, observation, efficiency, attentiveness.

**Негизги сөздөр:** каллиграфия; кружок; сапат; инсан; калем сап; манжа; дидактика; ишмердүүлүк; тамга; жазуу; фантазия.

**Ключевые слова:** каллиграфия; кружок; качество; личность; линия пера; палец; дидактика; деятельность; письмо; письмо; воображение.

**Keywords:** calligraphy, circle, quality, personality, pen line, finger, didactics, activity, writing, writing, imagination.

**Кришнг.** Кенже мектеп окуучуларынын каллиграфиялык сапаттуулугун арттырууда активднг жана интерактивднг технологияларына, сабактарды уюштуруунун жаңы формаларына, калыптандыруучу баалоого жана кайтарым байланышка өзгөчө көңнл буруу азыркы учурдун зарыл талаптарынан болуп турат. Кенже мектепте дагы окутуунун да негизги багыттарынын бири – инсанга багыттоо. Инсанга багытталган окутуу – көңнл борборунда бала болгон окутуу. А.В.Захарованын аныктамасына ылайык, инсанга багытталган окутуу ―окуучуну бнтнндөй билим берnг процессинин башкы каармaны катары
таануу‖ дегенди билдирет. Бнтнндөй окуу процесси ушул негизги жобого шайкеш келтирилиши керек. Бул окутууда окуучунун субъективднлнгнн эске алуу менен, окуу процессинин мазмуну да, методдору да, эң башкысы, мугалим менен окуучунун мамилесинин стили да аныкталат [4.103]. Анткени ал окутуунун натыйжалуулугун, кызыктуулугун шарттап, мектепке чейинки класстын окуучуларынын инсан катары калыптандыруусуна жагымдуу жагдай тнзөт. Сабак учурунда мугалим ар бир окуучунун психологиялык, интеллектуалдык жөндөмднлнгнн изилдеп-нйрөннп, алардын жөндөмнө, жеке өзгөчөлнктөрнө жараша мамиле кылат. Психологдор Л.Н.Рубинштейн, А.Т.Каволева, В.Н.Мясияеванын жыйынтыгы боюнча: Инсандын структурасына дидактикалык таасир этнг системалуу жана багыттуу болушу керек. Ишмерднлнк мектеп окуучуларынын билим алуу мазмунунун негизги составдык бөлнгн.

**Изилдөөннн материалдары жана методдору.** Изилдөөннн методологиясы тарыхый жана педагогикалык эмгектерде кеңири колдонулган көп кырдуу булактардан кыргыз жаштарын каллиграфиялык маданиятка тарбиялоо багытындагы ойлорду жана тажрыйбаларды илимий жалпылоого негизделген. Негизги максат катары жазуу аркылуу баланын фантазиясы жана чыгармачылык ой жнгнртнсн артат жана кагазга өзнннн билгенин тншнрө алат деген ойлорду чагылдырган эрежелер, белгилер колдонулган.

**Изилдөөннн жыйынтыктары жана талкуулар.** Биз илимий макалабызды кенже мектеп окуучуларынын каллиграфиясын артыруусуна арнамакчыбыз. Бизге белгилнг болгондой, сабак учурунда бала окуу жана жазуу иштерин жнргнзнндө туура жана так окууга, жазууга көннгөт. Албетте кенже мектеп балдары нчнн жазуу иштери жаңылык катары кирет. Жазууну, тамгаларды нйрөннп жатып, бала тыккандыкка, байкоочулукка, аткаруучулукка, көңнл коюуга такшалуусу зарыл. Кээде бала оң колу менен эмес, сол колдоп жазып калышы да мнмкнн. Сабак учурунда мугалимдин айтканын жазууга жетише албай калышы мнмкнн ж.б. Мындай шартта баланын кол жазмасын арттыруу максатында класстан тышкаркы иштердин болушу абзел. Бул курста окуган кенже мектеп окуучусу эки-нч айдын ичинде дептерлерге таза жазууга, калем сапты туура кармоого жана алфавиттеги тамгаларды байланыштырып жазууга нйрөннп калышат. Каллиграфия боюнча курстар кенже метеп окуучусунун жазуудагы сапатын гана жакшыртпастан, ылдамдыгын да нйрөтөт. Колу менен манжаларынын шамдагайлыгы – бул баланын мыкты сапаттарынын бири. Сабак учурунда балдар дайыма калем сапты манжалары менен кармашып, машыгуу иштерин жнргнзнщөт. Каллиграфия бир гана сулуу жазуудан гана турбайт, ал тез жазуу га да байланыштуу. Каллиграфия –бул искусство. Жазуу аркылуу баланын фантазиясы жана чыгармачылык ой жнгнртнсн артат жана кагазга өзнннн билгенин тншнрө алат. Бул багытта Овчинникова М.Н: «Жазуу иштери сабак учурунда жана сабактан тышкары дагы жнргнзнлөт. Окуучулар сабакка караганда сабактан тышкаркы кружокторго көбнрөөк маани берет. Каллиграфиялык кружок – окуучулардын өз алдынча окуусун камсыздаган, алардын кызыкчылыгын канааттандырган, балдардын көндnмөрнн жана билгичтиктерин өөрчнткөн, атайын сабактан башка учурда уюштурулган, максаттуу багытталган сабак» – деп баса белгилейт [6.23]. Ал эми кружоктордун баланын аң-сезиминин ар тараптуу өннгнщнө тийгизген таасири тууралуу педагог Г.В.Рогова төмөнкнчө пикирин билдирген: «Кружоктор балдардын гуманисттик

тарбия алуусуна, дүйнө таанымын калыптанышына кеңири жол ачат. Ал класстан тышкаркы иштин комфорттуу шартта өтүшү, түз сызыктуу дидактикадан чыгып, эркин башталышы жаш балага стимул берет. Ошондуктан, кружоктор баланын
психологиялык чектөөсүнөн арылып, өзүн-өзү таанытууга шарт түзөт, активдүүлүгүн жогорулатат, коллектив менен иштөөгө шыктандырат жана максаттуулукка үндөйт» [7.10].

Көрүнүктүү педагогдор Никонова Н.К, Подласый И.П, Щуркова Н.Е каллиграфия маселелерине кайрылышып, изилдөө жүргүзүшүп, сабак менен сабактан ташкаркы ийримдердин биримдиги баланы окутууда ийгиликтүү жыйынтыктарга алып келээрин баса белгилешкен. Баланын өз алдынча жаңы маалыматтарга, жаңы көндүмдөргө ээ болуусуна каллиграфиянын салымы зор. Мындан тышкары жазуу баланын убактысынын текке кетпешине дагы шарт түзөт жана атайын иштелип чыккан программалардын негизинде жүргүзүлөт. Кружоктордун ар кандай шарттары болот. Айрым учурда атайын бир предметти кабыл алуусун өнүктүрүү үчүн иштесе, кээ бирин жалпы мектептик иш-чараларга дайындайт. Дагы бир түрү бир предметти сүйгөн, бир көз караштагы, өз билимин толуктагысы, бекемдегиси келген жаш жеткинчектерден куралат. Турмуш көрсөткөндөй, кенже мектеп окуучуларынын каллиграффиясын жакшыртууда кошумча кружоктордун, машыгуу сабактарынын мааниси чоң. Ушуга байланыштуу каллиграфиялык сапаттуулукту өркүндөтүү багытында кошумча сабактардын программалары күн санап иштелип чыгууда. Окуу процессинде кенже мектеп балдарынын каллиграфиялык машыгуу ийримдерин уюштуруу (класстык-сабак формасынан айырмаланып) жаш жеткинчектердин билим алуусуна, билим берүүчүлүк мазмунду тандап алуусуна, катышуучулардын жетишкендиктеринин натыйжаларын баалоого чыгармачыл өңүттөн кароону талап кылат. Мектепке чейинки окуучулардын жазуу иштерин камсыздоо, сабактан тышкары окуу ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча программаларда анын формасы менен коюлган максаттар жана күтүлгөн натыйжалардын мазмуну терең ойлонуштурулуп түзүлүшү зарыл. Педагог, Каракол шаарында көп жыл мугалимчилик кесипти аркалап келген А.Асанбаева өзүнүн кружокторду уюштуруудан кийинки көп жылдык тажрыйбасынан кийин мындайча жыйынтыкка келген: ―Кошумча сабак процессиндеги окуучулардын өз алдынча иши – бул мугалимдин түздөн түз катышуусусуз, бирок анын тапшырмасы боюнча ал үчүн атайын бөлүнүп берилген убакта аткарылуучу иш, мында окуучулар тапшырмада коюлган максатка жетүү үчүн өздөрүнүн багытталып чымырканышкандыгын көрсөтүү жана акыл же күч аракеттеринин (же экөөнүн тең) натыйжасын тигил же бул формада туюнтуу менен сезимдүү умтулушат‖ [2.5].

Кенже мектеп окуучуларынын каллиграфиялык сапатын жакшыртуу менен бирге мугалим дайыма окуучулардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүн эсепке алууга тийиш. Көбүнчө аны аныктоого интуитивдүү мамиле колдонулат. Класстын, ошондой эле, ар бир окуучунун таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүнүн реалдуу деңгээлин аныктоого, мугалим менен окуучунун ортосунда орнотулуучу, дайыма болуучу, ар түрдүү карама-каршы байланыш жардам берет. Окуучулардын ийгиликтеринин динамикасын эсепке алуу маанилүү, мында начар окуган окуучулар менен көп иштешүүсү зарыл. Пассивдүү мамиле окуучулардын окууга кызыгуусун төмөндөтөт жана чабал окуучулардын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө тоскоолдук кылат. Ошону менен бирге ишмердүүлүктүн формасы жана мазмуну педагогдун таалим-тарбия берүү ишмердүүлүгүнүн максатына, милдеттерине жана натыйжаларына туура келүүгө тийиш. Сабактан тышкары таалим-тарбия берүүчү окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу окуучулардын социалдык билимдерге ээ болушу, негизги баалуулуктарга карата оң мамиленин калыптанышы, өз алдынча коомдук иш-аракет тажрыйбасына ээ болуу. Жалпы жолунан, билимди алып карасак, Кыргызстандын белгилүү педагогу окумуштуу И. Бекбоев айткандай билим – бул окуучунун мээсинде болуп өтүүчү
психологиялык процесстин натыйжасы. Демек, билим окуучунун өзүнүн активдүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасында гана пайда боло алат. Ошондуктан окутуу окуучу менен

окутуучунун ортосундагы өз ара аракеттенишҥҥ процесси болуп эсептелет да, окуучунун өзҥнҥн окуп ҥйрөнҥҥсҥнҥн натыйжасында гана окуучуда белгилҥҥ билимдер, билгичтиктер жана көндҥмдөр пайда болот. Мугалим бар болгону окуучунун ишмердҥҥлҥгҥн (аракеттеринин системасын) уюштурат, багыттайт жана көзөмөлдөйт, зарыл болгон каражаттарды жана маалыматтарды камдап берет. Окуучуда окуп ҥйрөнҥҥ аракети жаралат. Алар алгач жекече иштейт, кийин жупта талкуулашат жана топко алып чыгышат. Ар кандай иш-аракетте өз ара байланышкан эки процесс болот: калыбына келтирҥҥчҥ (кайталоочу) жана чыгармачылыктуу. Калыбына келтирҥҥчҥ иш – аракетте адам буга чейин мурда иштеп чыккан ыкмаларды, фактыларды, тҥшҥнҥктөрдҥ кайра эстеп калыбына келтирет же кайталайт. Чыгармачылыктуу ишмердҥҥлҥк болсо мындан айырмаланат, мында ал кандайдыр бир жаңы нерсени тҥзҥҥгө багытталат. Учурда орто мектептерде билим берҥҥнҥн негизги парадигмасы болуп, окуучулардын инсандык сапатын көрсөткөн образы эсептелет. Ал образ окуу ишмердҥҥлҥгҥнҥн жана таанып билҥҥ чындыгынын белгилҥҥ тҥрҥнө дал келҥҥсҥ керек [3.12]. Максатка багытталбаган иш аракеттер билгичтикти да, көндҥмдҥ да пайда кылбайт. Билгичтик жана көндҥм улам кайталоодон пайда болот, кайталоо токтосо эле ал иш аракет бузулат. Демек, билгичтик менен көндҥм – бул окуучулардын алган билиминин негизинде тҥрдҥҥ ишмердҥҥлҥктҥ аткаруудагы жөндөмдҥҥлҥктөрҥ. Ал эми окуучулардагы пайда болгон билгичтиктер жана көндҥмдөр улам жаңы билгичтик жана көндҥмдөрдҥ калыптандырат да билимдерин жаңы ситуацияда колдоно алышат. Билгичтикти жана көндҥмдҥ калыптандырууда окуучулар менен кайтарым байланыштын ролу чоң. Аны тҥз жана кыйыр берҥҥгө болот. Анда алардын өзҥлөрҥ тууралуу кандайдыр бир жаңы нерсени же кемчилигин жакшыраак билҥҥгө жардам берет. Бирок, кээде кайтарым байланыш терс сезимдерди калтырып, бизге жакшыраак иштөөгө же окууга жолтоо кылат. Ошондуктан кайтарым байланышты бере жана ала билҥҥ маанилҥҥ. Кайтарым байланыш тҥзҥҥ – окуучулардын кандай экенин билҥҥдө эмес. Мугалим ар тараптуу жазуу иштерин жакшыртууга байланыштуу иш-аракеттеринин кайтарымы болуусун талап кылат. Көпчҥлҥк учурда баланын каллиграфиясы өзгөрҥлбөй калган учурлары да кездешет. Ал эми айрым окуучулардын жазуусу тизилген шурудай болуп жакшырат. Аталган иш-аракеттер кенже мектеп окуучуарына төмөнкҥдөй таасирлерин берет:




**1-схема**

Бирок окутуунун ар бир этабында сунуш кылынган өз алдынча аткарылуучу иштин мазмуну жана көлөмү окуучулардын күчүн жеткидей болуп тандалганы дурус. Өз алдынча иштерди уюштуруу биринчи учурларда анын эң жөнөкөй элементтеринен башталышы керек.

Жыйынтыктап айтканда, мугалим сабактын эффективдүүлүгүн биринчи иретте ар бир окуучунун билим алууга багытталган ишмердүүлүгүн арттыруу менен, каллиграфиялык сапатын жогорулатуу аркылуу аракеттениши керек. Ийгиликтүү окутуунун негизги шарты – бул мугалимдин сабакка тыкандык менен даярдык көрүнүшү экени белгилүү. Сабактын ар бир баскычы терең ойлонуу менен түзүлүп, алдын ала чебердик менен мугалимдин жумушу толук системаланганда гана ойдогудай жыйынтыкка келе алабыз. Мектепке чейинки балдарды окутуу бул көп тармактуу билимдердин башаты. Ал үчүн башталгыч класстын мугалими математикалык даярдыгын өркүндөтүүдө предметтер аралык байланышты билиши зарыл. Төрттөн алты жашка чейинки мезгилде баланын физиологиялык жана жана психологиялык өнүгүүсүнүн активдүүлүгү байкалат. Мектепте бала окууга толук системалуу түрдө камсыз болот. Бул учурда окуунун башталышы социалдык жактан баланын аң-сезиминин түп тамырынан бери өзгөрүшүнө алып келет. Ал «коомдук» субьект болот, социалдык белгилүү милдеттерин аткарат, ага жараша өз баасын алат. Жаш жеткинчектер аң-сезим жагынан калыптана баштайт, белгилүү кырдаалдардан кандай чыгуу керектигин сезет. Ушул жүрүм – турумунун көрүнүшүнүн калыптандыруучу нравалык мотивдер жатат. Бала ушул жашында өзүнүн моралдык баалуулуктарын сезе баштайт, белгилүү бир мыйзамдарга жана эрежелерге баш иет. Көпчүлүк учурда бул баланын өзүмчүлдүк мотивине, улууларга сый болуу мотивине жана өзү теңдүүлөрдүн ичинен суурулуп чыгууну каалоосуна байланыштуу болот. Улуу педагог В.Сухомлинский айткандай: ―Сабак – бул мугалимдин жалпы жана педагогдук маданиятынын күзгүсү, анын интеллектуалдык деңгээлинин өлчөмү, анын билим маалыматынын көрсөткүчү‖. Сабактын деңгээли жалаң эле мугалимдин
чеберчилигине, окуу куралдарын пайдаланууга, ар кандай методдорду колдонууга негизделбестен, муну менен катар психологиялык шарттарга да байланыштуу болот[9.67].

Учурда кенже мектеп окуучулардын каллиграфиясын жакшыртуу аркылуу билим берүүнүн деңгээлин жогорулатуу, окуучулардын чыгармачылыгын өркүндөтүү, ар кандай кырдаалдардан чыга билүү, өзүн жана курчап турган чөйрөнү баалай билүү, маданияттуулук, сабырдуулук, эмгекти сүйүү, өз алдынча чечим кабыл алуу, алынган билимдерди турмушта колдоно билүү сыяктуу сапаттар ишке ашырылат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

Бекбоев, И. Б., Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери, Бишкек «Педагогика века», 2004.

Башталгыч мектепте илимий түшүнүктү калыптандырууда өз алдынча иштерди уюштуруу. Асанбаева А. Нарын Мамлекеттик университетинин илимий журналы. 2016.

Бекбоев, И.Б., Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери, Бишкек «Педагогика века», 2004.

Захарова, А.В. Мир детства. Младший школьник - М.: Педагогика, 2006. - С. 79-103.

Коменский, Я.А. Педагогическое наследие. М., Педагогика. 2013.

Овченикова, Н.М. От внеклассного чтения – к сочинению. М.2018.23

Рогова, В.Г. О речи учителя на уроке. Иностранные языки в школе. №1. 2003. 10стр

Подласый, И.П. Педагогика. В 2-х т. Т. 1. Теоретическая педагогика: Учебник для бакалавров / И.П. Подласый. - М.: Юрайт, 2013. - 777 с.

Сухомлинский, В.А. Избранные педагогические сочинения. Педагогика. М.2008.